# Улуттук банктын ноталары
*(2017-жылдын декабрь айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) тарабынан ноталарды жайгаштыруу боюнча төрт аукцион өткөрүлгөн, анда жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү мурдагы айдагыдай эле 9,5 млрд сомду түзгөн. Мында, Улуттук банктын ноталарына карата суроо-талап отчеттук мезгил ичинде 1,5 эсе өскөн, бирок жарыяланган эмиссиянын көлөмүнөн 35,6 пайызга аз келген. Буга карабастан 250,0 млн сом жалпы суммасында 7 жана 14 күндүк ноталар боюнча эки кошумча жайгаштыруу өткөрүлгөн. Улуттук банктын ноталарына карата суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү ай ичинде 51,5 пайызга көбөйүү менен 1,5 млрд сом өлчөмүндө калыптанган. Аталган банктын жүргүзгөн акча-кредит саясатына ылайык, отчеттук мезгил ичинде ноталардын сатуу көлөмү 7, 14, 28 жана 91 күндүк ноталар менен сунушталган, жайгаштыруунун жалпы суммасы 5,5 млрд сомду (ай ичинде +42,1 пайыз) түзгөн. Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде сатуунун орточо аукциондук көлөмү ай ичинде 35,6 пайызга көбөйүү менен 1,3 млрд сомду түзгөн.

Ошентип, Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү байкоого алынып жаткан мезгил ичинде 0,86 п.п., 3,6 пайызга чейин өскөн. Алсак, Улуттук банктын 7 күндүк ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү 2,6 пайызды (+0,7 п.п.) түзгөн. 14 күндүк ноталар боюнча орточо алынган чен 3,3 пайыз (+1,3 п.п.), 28 күндүк ноталар боюнча – 4,8 пайыз (+1,1 п.п.) жана 91 күндүк ноталар боюнча – 5,0 пайыз деңгээлинде түптөлгөн. Мөөнөттүүлүгү боюнча ноталар кирешелүүлүгү эсептик чендин чегинин алкагында жайгашкан. Пайыздык чендердин чектери эч өзгөрүлгөн эмес: алсак, пайыздык чендин жогорку чеги («овернайт» кредиттери боюнча чен) 6,25 пайыз деңгээлинде, төмөнкү чек («овернайт» депозиттери боюнча чен) 0,25 пайыз деңгээлинде калыптанган.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча жүгүртүүдө ноталар көлөмү жыл башынан тарта 0,3 пайызга төмөндөө менен 5,2 млрд сомду түзгөн. 97,7 пайыз үлүшү менен (жыл башынан тарта -0,4 п.п.) коммерциялык банктар, 2,3 пайыз үлүшү менен (+0,3 п.п.) институционалдык инвесторлор жана 0,1 пайыз (+0,1 п.п.) үлүшү менен юридикалык жактар-резиденттер Улуттук банктын ноталарына негизги ээлик кылуучулардан болуп саналган.

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




[1]Ай ичинде аукциондордун саны туруктуу болбогондуктан, бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сатуунун динамикасы**



**1-таблица. Номиналдык нарк Улуттук банктын ноталарына ээлик кылуучулардын түзүмү**

*млн сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Юридикалык жактар - резиденттер | | Жеке адамдар - резиденттер | | Институцион. инвесторлор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.01.2017 | 5 244,0 | 5 142,4 | 98,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 101,6 | 1,9% |
| 01.02.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.03.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2017 | 4 280,0 | 4 280,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2017 | 5 250,0 | 5 250,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2017 | 4 325,0 | 4 325,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.07.2017 | 3 511,0 | 3 511,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.08.2017 | 3 555,0 | 3 555,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2017 | 3 795,5 | 3 795,5 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2017 | 6 290,5 | 6 279,1 | 99,8% | 11,4 | 0,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2017 | 5 281,0 | 5 265,6 | 99,7% | 15,4 | 0,3% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2017 | 3 748,3 | 3 727,1 | 99,4% | 21,2 | 0,6% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2018 | 5 230,0 | 5 108,2 | 97,7% | 4,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% | 117,8 | 2,3% |